***DOI:10.26104/NNTIK.2023.33.84.043***

*Мамбетова З.Ж.*

# КЕНЖЕ ОКУУЧУНУН БИЛИМ САПАТЫН АНЫКТООЧУ ИНДИКАТОРЛОР - КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮ БААЛООНУН ИНСТРУМЕНТИ КАТАРЫНДА

*Мамбетова З.Ж.*

# ИНДИКАТОРЫ ОЦЕНИВАНИЯ КАЧЕСТВА ЗНАНИЙ УЧАЩИХСЯ – КАК ИНСТРУМЕНТ ОЦЕНИВАНИЯ ФОРМИРУЕМЫХ КОМПЕТЕНТНОСТЕЙ В МЛАДШЕМ ШКОЛЬНОМ ВОЗРАСТЕ

*Z. Mambetova*

# INDICATORS ASSESSING THE QUALITY OF STUDENTS' KNOWLEBGE AS A TOOL FOR ASSESSING COMPETENCIES FORMED IN PRIMARY SCHOOL AGE

*УДК: 373/167*

*Бул макалада окуучунун билимин индикаторлор (көрсөткүчтөр) аркылуу баалоо тууралуу маселе каралат. Мында баштапгыч класста экологиялык аң-сезимди калыптандырууга шарт түзүлмөкчү. Социалдык-экономикалык кырдаал билим берүүнүн мазмунун жана технологиясын учурдун талабына ылайык өркүндөтүү талабын коюуда. Бүгүнкү күндө мектептин бүтүрүүчүсү алган билимин ар түрдүү турмуштук кырдаалдарда пайдалана билүүсү зарыл. Компетенттүүлүк моделине өтүүнүн 1-кадамы интеграцияланган предметтерди киргизүү, мазмунду турмушка жакындаштыруу, 2-кадамы – маселени чече билүүгө үйрөтүү болуп эсептелет. Ушуга ылайык, компетенттүүлүктү калыптандыруунун шартында Мекен таануу предметинин максаты жана милдеттери өзгөрүүгө тийиш. Мекен таануу предметинде мазмунду экологиялаштыруу принцибин ишке ашыруу үчүн жаратылыш боюнча билимдин өлчөмүнө чек коюп, аны адабиятташтыруу, искусство менен айкалыштыруу, интеграциялоо, социалдаштыруу, турмушка байланыштыруу жагы каралмакчы.*

***Негизги сөздөр:*** *баалоо системасы, баалоонун функциялары, өзүн-өзү баалоо, инсан, багытталган окутуу, экологиялык мазмун.*

*В статье рассматривается оценивание качества знания, умения, навыков учащихся с помощью индикаторов (показателей). Это будет способствовать формированию экологического сознания учащихся в начальной школе. Социально-экономическая ситуация диктует необходимость совершенствования содержания и технологий обучения в соответствии с требованиями времени. Сегодня выпускник школы должен уметь использовать полученные знания в различных жизненных ситуациях. 1-м шагом перехода к модели компетентностного подхода является внедрение интегрированных предметов; 2-м шагом перехода обучение навыкам решения проблем. В условиях формирования компетентности цели и задачи учебного предмета. Родиноведение должны измениться. Для реализации принципа экологизации содержания в предмете родиноведение будет рассматриваться ограничить объема знаний о природе, интегрировать их с литературой, искусством, социалными знаниями.*

***Ключевые слова:*** *система оценивания, функции оценивания, личность, ориентированное обучение, экологическое содержание.*

*The article considers the assessment of the quality of a student's education using indicators. This will contribute to the formation of environmental awareness in primary school. The socio-economic situation dictates the need to improve the content and technologies of education in accordance with the requirements of the time. Today, a school graduate should be able to use the acquired knowledge in various life situations. The 1st step of the transition to the competence model is the introduction of integrated subjects, bringing the content closer to life, and the 2nd is teaching problem-solving skills. In the context of competence formation, the goals and objectives of the academic subject of Russian studies should change. To implement the principle of ecologization of the content in the subject of Russian studies, the aspect of limiting the amount of knowledge about nature, their combination with literature, art, and socialization will be considered.*

***Key words***: *assessment system, assessment functions, personality, oriented learning, environmental content.*

Кыргызстандагы социалдык-экономикалык кырдаал билим берүүнүн мазмунун жана технологиясын учурдун талабына ылайык өркүндөтүү талабын коюуда.

Азыркы өсүп келе жаткан жаш муундарга улам жогорку талаптар коюлуп жатат. Бүгүнкү күндө мектептин бүтүрүүчүсүнө маалымат алуу менен гана чектелүү жетишсиз болуп калды. Ал алган билимин ар түрдүү турмуштук кырдаалдарда пайдалана билүүсү зарыл.

Учурда окуучунун жетишкендигин ар тараптуу жана толук чагылдыруучу баалоо системасы түзүлө электиги чындык.

Компетенттүүлүк моделине өтүүнүн 1-кадамы интеграцияланган предметтерди киргизүү, мазмунду турмушка жакындаштыруу, 2-кадамы – маселени чече билүүгө үйрөтүү болуп эсептелет. Компетенттүүлүктү калыптандыруунун шартында Мекен таануу окуу предметинин максаты жана милдеттери өзгөрүүгө тийиш.

Алып айтканда Мекен таануу окуу предметинин максатын төмөндөгүчө көрсөтүүгө болот:

- кенже мектеп окуучуларын илимдин негиздерин өздөштүрүүгө даярдоо, маалыматтык компетенттүүлүктү калыптандыруу;
- өзүн-өзү уюштуруу, маселе чече билүү ком-

петенттүүлүгүн калыптандыруу;

- эли-жерин сүйүүгө, ыймандуулукка, адептүүлүккө, ишкердикке тарбиялоо, социалдык коммуникативдик компетенттүүлүктү калыптандыруу.

Көздөгөн максатка ылайык, Мекен таануу предмети аркылуу кенже мектеп окуучусунда төмөндөгүдөй сапаттар калыптандырылууга тийиш:

- жаратылыш чөйрөсүндө өзүн коопсуз абалда алып жүрүү, кубулуштарды анализдөө, байкоо жүргүзүү, божомолдоо, ченөө, салыштыруу, жыйынтык чыгаруу;
- оозеки жана жазуу түрүндө оюн билдирүү, презентация жасоо;
- топтордо иштей билүү, мамиле түзүүнүн ыктарын билүү, жолдоштору менен тил табыша билүү, компромиске келүү;
- башкаларга сүйлөөгө мүмкүндүк берүү;
- көп маданияттуу коомубузда позитивдүү мамиле түзүүгө үйрөнүү;
- ар кандай маалымат булактары менен иштөө, окуу китеби, карта, сөздүктөр менен иштей билүү, маалымат табуу, системалоо, талдоо, өзгөртүү, өз оюн айтып берүү;
- ар андай табигый кырсыктардан сактануу (өрт, шамал, бороон-чапкын);
- өздүк гигиенаны сактоо, ден соолукка кам көрүү, сарамжал болуу;
- Мекен таануу көп тармактуу, интеграциялanган окуу предмети анын негизги милдети болуп кенже мектеп окуучусун ойлонууга, ишмердүүлүккө, коомдо жашоого үйрөтүү жана көнүктүрүү болуп эсептелет. Мындай окутуу жөн гана маалымат берүү менен чектелбестен, окуучунун жөндөм-шыгын өнүктүрүүнү, аны иш-аракетке тартууну көздөйт, окуучуну коомдо жашай билүүгө багыттайт. Максатына, милдетине ылайык Мекен таануу предмети төмөндөгү мазмундук багыттарга ээ.

**Жаратылыш, Жаратылыш жана адам. Экология. Жаратылыш жана маданият.** Жалпы орто билим берүүчү мектептеги табиятты окутуучу бир катар предметтер жаш муунда экологиялык билимди калыптандырууга кызмат кылат.Алып айтсак, Мекен таануу (1-4-класс), ботаника (5-6-класс), зоология (7-8-класс), кишинин анатомиясы жана физиологиясы (9-класс), жалпы биология (10-11-класс), химия (7 11-класс), физика (8-11-класс), астрономия (10-11-класс).

Мекен таануу предметинде мазмунду экологиялаштыруу принцибин ишке ашыруу үчүн жаратылыш боюнча билимдин өлчөмүнө чек коюп, аны адабиятташтыруу, искусство менен айкалыштыруу, социалдаштыруу жагы каралды. Ал тургай адамдын жашоо-тиричилигине ылайыктап, экономикалык билимдин негиздерине да орун берилди. Мында мазмундун аймактык компоненти олуттуу мааниге ээ. «Экомазмундун аймактык компонентине басым жасаган учурда ага элдик маданияттын, этнопедагогиканын элементтери да кошулат» (Л. П. Симонова).

Мекен таанууда этнопедагогиканын экологиялык багыты мазмундук компоненттин орчундуу бөлүгүн түздү. Жогоруда белгилегендей, экологиялаштыруу принциби:

а) курчап турган дүйнөнү бир бүтүндүктө кароого;

б) билим тармактарын (табигый жана социалдык) интеграциялоого;

в) кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы, салт-санаасындагы, тарыхындагы рухий дөөлөттөрдү пайдаланууга таяныч түздү.

Мекен таануу сабактарында окуучулар өсүмдүктөргө, жаныбарлардын жашоо-тиричилигине байкоо жүргүзүп, дептерине жазышат, көргөн-билгендерин, оюн эркин айта билүүгө үйрөнүшөт. Жолдо жүрүү эрежелери, кырсыктан сак болуу чаралары, санитардык-гигиеналык чаралар менен таанышат, ошондой эле кийимди таза күтүүгө, тыкан болууга, адептүүлүккө олуттуу маани берилет.

Окуучулардын өздөштүрүшүнө жараша мугалим ар кандай ыкмаларды колдонот, материалды жеңилдетсе да болот. Мыкты өздөштүргөндөргө кошумча тапшырма берилет. Окуучулар көбүнчө 3-4төн бир топту түзүшөт. Жумушчу дептерге сүрөт тартышат.

Окуучунун жеке тажрыйбасына таянуу менен баланын логикалык ой жүгүртүүсүн, эмоциясын, сөз байлыгын, өзүн өзү баалоосун өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүктөр кеңири. Окуу материалынын Б. Блумдун таксономиясындагы деңгээлдер боюнча түзүлгөндүгү жөнөкөйдөн татаалга карай өздөштүрүүнү шарттамакчы.

Билимди өздөштүрүү этаптарын Блум 6 деңгээлге бөлүп көрсөтөт. Блумдун таксономиясы боюнча алып караганда, билимди өздөштүрүүнүн алгачкы этабы – эске тутуу, башкача айтканда, окуганын кайталап айтып берүү. Андан кийинки этаптар – түшүнүү, колдонуу, анализ, баалоо, чыгармачылык.

Мекен таануу сабактарында эске тутууга карата төмөндөгү суроо-тапшырмалар берилет: «айтып бер, санап бер, сүрөттөп бер, атап бер», эсте, ырды жатка айтып бер». Окуу китептеги суроо-тапшырмалар мы-

на ушул дэңгээлдерди эске алуу менен түзүлгөн.

Түшүнүүнү текшерүү үчүн «түшүндүр, такта, белгиле, талкуулагыла, сүрөттөп айт, салыштыр, сценарий аткарып бергиле» деген суроо-тапшырмалар берилет.

Билимди колдонууга карата суроо-тапшыралар «толуктап жаз, көрсөт, топторго бөлүштүр, мисал келтир, сунуш иштеп чык…».

Анализдөөгө карата суроо-тапшырмалар: «салыштыр, окшоштугун, айырмасын тап, изилде, аныкта, бөлүп көрсөт, эмне үчүн ушундай өзгөрүү болду?».

Баалоо үчүн суроо-тапшырмалар: «корутунду жаса, танда, колдонуп көр, баала, талкуулагыла, эмне туура, эмне туура эмес, туурабы же туура эмеспи? Кандай деп ойлойсуң?»

Чыгармачылыкка багыт берүүчү суроо-тапшырмалар: аңгеме түз, ойлоп тап, сунуш кыл, жомок ойлоп тап, кыймыл-аракет, пантомима аркылуу көрсөтүп бер, сүрөт тарт.

Мектептеги билим берүүнүн башталгыч баскычындагы окуучулардын жетишкендиктерине натыйжалуу байкоо жүргүзүү үчүн окутуунун күтүлгөн натыйжалары катары сыпатталуучу жалпы билим берүүчү эки денгээл аныкталган.

Даярдоонун 1-деңгээлине окуучулар 1-2-класстар жетишет. Биринчи деңгээлдеги натыйжаларга жетишүүнүн ийгилигин баалоодо баа коюлбайт.

2-деңгээлдеги 3-4-класстарда окутуунун натыйжасына баа коюлат.

1-класста окутуучунун билимин баалоо сабак учурунда ишке ашырылат. Мугалим окууларга байкоо жүргүзөт да, аткарды же аткарган жок деген шкалага белги коюп турат. Мындай учурда көп окуучуну баалоого шарт түзүлөт. Мугалим окуучуларга жардам берет же кээ бирине кошумча материал берет. Белгилүү бир мөөнөттөрдө мугалим ата-энелерге отчет берип, окуучунун жетишкендиктерин айтып турат.

Мекен таануу предметинин мазмунун, мазмундук багыттарын ар бир класста өздөштүрүлгөн билимди аныктоонун индикаторлору түзүлгөн.

Индикаторлорду пайдаланып, мугалимдер өз алдынча тест, контролдук иштерди түзүү менен окутуунун натыйжаларын аныкташат.

Мекен таануу боюнча индикаторлордун (көрсөткүчтөрдүн) үлгүсү төмөндөгүчө:

- жаратылыштагы кубулуштардын, өз ара байланыштардын, жыл мезгилдерин, алардын өзгөчөлүктөрүн сүрөттөп жана мезгилдердин алмашуусу менен адамдын, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн жашоосундагы өзгөрүүлөрдү, жансыз жана жандуу жаратылыштын өз ара байланышын түшүндүрүп бериши;
- өсүмдүктөрдүн түзүлүшүн түшүндүрүп бериши, жашылча менен мөмө-жемиштерди атап, алардын айырмасын түшүндүрүп бериши, өсүмдүктүн өсүшүнө керектүү шарттарды атап бериши;
- жашылчаларды, жемиштерди, дан эгиндерди сүрөттөн айырмалап таанып,топторго бөлүштүрүп, алардын маанисин түшүндүрүрүп бериши;
- жашаган районун, областын, өрөөнүн атап, ал жердеги тоолорду, сууларды, жайлоолорду, ошондой эле маанилүү обьектилерди атап, Мисалы: кооз жерлерди, мекемелерди, ишканаларды, тарыхый эстеликтерди ж.б. айтып бериши;
- абанын, суунун, топурактын маанисин түшүндүрүп, суунун касиеттерин аныктап, суунун касиетин тажрыйба жасап көрсөтүп, сууну үнөмдөө, абаны, топуракты, өсүмдүктөрдү, жаныбарларды коргоонун зарылдыгын аныктап, турмуштан мисал келтирип айтып бериши;
- жер бетиндеги сууларды картадан, глобустан көрсөтүп бериши;
- суунун үч абалын мүнөздөп (суу, буу, муз), суунун жаратылышта айлануусуна мисал келтирип айтып бериши;
- кен байлыктардын маанисин түшүндүрүп, анын зарылдыгын аныктап, кен байлыктын касиетин изилдеп, тажрыйбада салыштырып, өзгөчөлүгүн белгилеп бериши;
- Кыргызстандан кен чыккан жерлерди картадан көрсөтүп, өздөрү жашаган аймактагы кен байлыктар жөнүндө маалымат топтоп, айтып бериши;
- Кыргызстандын тоолорун, жайлоолорун, токойлорун, талааларын сүрөттөп берип, алар мамлекетибиздин байлыгы экенин айтып, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн ар кандай чөйрөдөгү жашоосун сүрөттөп жана аларды коргоо зарыл экендигин айтып бериши;
- маданиятыбызга салымын кошкон белгилүү инсандарды атап жана алардын иштеринин азыркы жашоо менен байланышын айтып бериши;
- Күн системасындагы планеталарды схеманы колдонуу менен сүрөттөп айтып бериши, Күн, Ай, Жердин, ааламдагы ордун, алардын өз ара байланышын, Жыл мезгилдеринин алмашуусундагы, суткалык өзгөрүүдөгү Күндүн ролун түшүндүрүп бериши;
- адамдын дене мүчөлөрүн атап жана алар аткарган кызматын, гигиеналык эрежелердин ден соо-

лукка таасир этишин түшүндүрүп, адамдын мүчөл жылдарын айырмалап,эсептеп айтып бериши.

Бул индикаторлор (көрсөткүчтөр) окуучунун когнитивдик компетенттүүлүгүн гана аныктабастан, Мекен таануу предметинин мазмунун оптималдаштырууга таасирин тийгизет.Башталгыч класстын окуучуларына экологиялык билим –тарбия берүүгө түздөн-түз багыт берет.

**Адабияттар:**


1. Башталгыч класстын программалары. - Бишкек, 2006.
2. Бул ким, ал эмне? Энциклопедия. - 1992.
3. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу. - Бишкек, 2004.
4. Бекбоев И.Б. педагогикалык процесс. - Бишкек, 2005.
5. Давыдов В.В. Развивающее обучение. - М., 1992.
6. Журавлев И.И. Дидактические основы построение учебного предмета общеобразовательной школы. - М., 1990.
7. Жаны муундагы окуу китебин түзүү проблемалары. - Бишкек, 2006.
8. Занков Л.В. Избранные педагогические труды. - М.: Педагогика, 1999.
9. Климанлова Л.Ф. Обучение через обучение и культуры. 1999.
10. Леднев В.С. Содержание образования. - М.: Высшая школа, 1995.
11. Подласый П.И. Педагогика. - М.: Просвещение, 1995.
12. Чередникова Т.В. Проверьте развитие ребенка. - Санкт-Петербург, 2007.
13. Мамырова А.Ю. Цели, задачи и основные направления развития творческих компетенций у учащихся начальных классов. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 10. С. 257-261.